Педагогикалык кенешменин №1 протоколу

26.08.2022-ж Шапак айылы

Катышканы:19

Катышпаганы:--

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.Педагогикалык кенешменин катчысын бекитүү

2.2021-2022-окуу жылынын жыйынтыктарын анализдөө

3.Окуу планы боюнча маалымат берүү,бекитүү

4.Окуу планынын негизинде саатарды бөлүштүрүү

5.Метод.бирикме башчылары,насаатчыларды,класс жетекчилер,чыгармачыл топ, тарификациялык комиссиянын курамын,кружок жетекчилерин,кабинет башчыларын дайындоо

6.Мектеп компонентин тарых сабактарына берүү

7.Мектептин миссиясын кабыл алуу жана узак мөөнөттүү стратегиялык планын кабыл алуу.

8.Этика комиссиясын түзүү.

9. Мектеп ишин жүргүзүү үчүн локалдык актларды жана жоболорду кабыл алуу.

**1-маселе Пед.кенештин катчысын бекитүү**

Угулду:Мектеп директору М.Ж.Карымшаков төмөндөгүлөргө токтолду.Былтыркы окуу жылында Шабданбаева Нурзат пед кенештин катчысы эле,ал декреттик өргүүгө кетти.Ошондуктан быйылкы окуу жылына пед.кенештин катчысын шайлап алалы.Кимде кандай сунуштар бар?

Окуу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева Айзада сөз сүйлөп-мен быйылкы окуу жылында орус тилчи мугалим Абдылдаева Үпөлдү көрсөтөт элем.Анткени тилчилер ирээти менен жакшы жазышат.

Гуманититардык метод. бирикменин жетекчиси Дуйсеналы кызы Касиет сөз сүйлөп-ооба мен да кошулам,анткени тилчилер жазганда көркөмдөп жана дааналап жазышат.

Абдылдаева Үпөл эле татыктуу.

Демек,Пед.кенештин катчысы Абдылдаева Үпөл Талайбековна бир добуш менен шайланды десек болот.

Угулду:Окуу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева А.С доклад окуп,былтыркы жыл боюнча жетишкендиктер жана жетише албай калгандар жөнүндө кенири айтып берди.

РайООго сапаттык курам,ОШ-1 РИК-83,тарификациялык докуметтер өз убагында тапшырылды.Райондук олимпиадага 9-10-11-класстарлын 10 окуучусу катышты. «Жигердүү катышкандыгы үчүн» деген грамотага кыргыз тил сабагынан 11-класстын окуучусу Абышева Адеми ээ болду.Метод бирикмелердин декадаланынын пландары түзүлүп,иш-чаралар жогорку денгээлде өтүлдү.НЦТ тестке 9-10-11-класстардын окуучулары катышышып,кыргыз тили,география сабактарынан «4», «5»деген бааларга ээ болушту. «Окуу керемет»долбооруна башталгыч класстардын мугалимдери активдуу катышышты.Райондон келген байкоочулар тузулгөн графиктин негизинде келип,ачык сабактарга катышып турушту.Райондук «Манас таануу»конкурсуна 3 окуучу катышып,

4-орунга ээ болушту. Орт тестке 8 окуучу катышып,4 окуучу 100 дөн жогорку балл алышты.Ишке жайгаштыруу боюнча жогоркуу окуу жайга 3 окуучу өтту.Бирөө бюджеттик,экөө контракттык бөлүмгө, үч окуучу колледжге тапшырышты.

Угулду: Тарбия завучу Медатбекова А.М

Мектеп окуучуларга билим гана берип келбестен,татыктуу таалим тарбия дагы берүүгө милдеттүү.Бул милдетти аткаруу учун мектепте тарбия иши ангеме,лекция,тушундуруу,маек,доклад,конкурс,класстык саат,ийримдер,даталуу кундөргө байланышкан иш чаралар жана башка иштер жургузулуп келуудө.Мектепте тарбия ишерин жузөгө ашыруу учун атайын иштелип чыккан тарбия концепциясынын негизинде иштерди алып бардык.Сергек жашоо багыты боюнча бардык кабинеттерде «Ден соолук» бурчтары тузулгөн.

Угулду:соц.педагог Шабданбаева Н.М

Социалдык сурамжцылоонун,диагноздоонун негизинде мектептеги тоголок жана жарым жетим,ошондой эле көп балалуу уй-булөлөр,инвалид балдардын тизмеси жана ички мигранттардын балданынын тизмеси такталды.Тобокел тобундагы балдар мектепте жокко эсе. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө айыл өкмөт жана мектеп мугалимдери айылдын активисттери тарабынан ар кандай жардамдар берилип турат.Ал эми ички жана тышкы мигрантата-энелер тууралуу маалыматтар алынып,балдары менен жумасына ангемелешуу өткөрүлөт.Класс жетекчилер менен бирдикте мектеп окуучулары

менен социалдык коргоого муктаж балдар класстан жана мектептен тышкаркы иштерге тартылышты.Мектептин тарбия завучу менен бирдикте ай сайын мектеп окуучуларына «Кылмыш жаза административдик кодекстери» «Баланын укугун коргоо конвенциясы»жана өзүн-өзү өлтүрүү фактыларын болтурбоо боюнча тушунуктор берилди жана ошондой эле ангемелешуу өтулду.Зордук-зомбулук боюнча иш-чаралар,»Жаш өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу» деген темада ата-энелер менен бирдикте тегерек стол уюштурулду.

**3-маселе Окуу планы боюнча маалымат берүү,бекитүү**

Ак-Суу районуна караштуу У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планына

**Түшүндүрмө кат**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын

Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн шарттарына жана уюштуруусуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ошондой эле билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан. Базистик окуу планы башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн окуу предметтеринин тизмесин жана окуучулардын жашына жараша өзгөчөлүктөрүнө ылайык окуу жүктөмүнүн көлөмдөрүн белгилейт, окутуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү талаптарын ишке ашырат. Мектептик компонент мамлекеттик компоненттеги окуу предметтерди терендетип окутуу боюнча окуучулардын жана ата-энелеринин социалдык буйрутмасын ишке ашырат жана жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат.

**2022-2023-окуу жылында 5-8-10 –класстарга тарых предмети мектеп компоненти тандалды**.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган балдарды мектепке даярдоо максатында 480-сааттык «Наристе» мектепке чейинки программасы ишке ашырылат. Базистик окуу планын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган негизги жалпы билим берүү программалары жана окуулметодикалык комплекстери пайдаланылат. «Кыргыз тили», «Орус тили» предметтери эне тили катары 1-класстан баштап, 11-класска чейин окутулат. Чет тили 3-11-класстарда окутулат. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстарында чет тилин үйрөтүүгө жумасына 4 саат; 6-7-класстарга – 3 сааттан; 3, 4, 8-11-класстарга жумасына 2 сааттан бөлүнгөн. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5, 6, 8-класстарына «Кыргыз адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан, 7, 9-11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнгөн.Кыргыз тилинде окуткан мектептердин 5-6-класстарына «Орус адабияты» предметине жумасына 1 сааттан, 7-11-класстарына жумасына 2 сааттан бөлінген. «Тарых» предмети 5-класстан 11-класска чейин жумасына 2 саат менен окутулат. «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары ыраатгуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда «Тарых» деген жалпы аталышы жазылат. 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчү «Кыргызстан тарыхы» сабагынан мамлекеттик экзамен тапшырышат. «Адам жана коом» предмети 5-6 жана 9-11-класстарда окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы №177 Жарлыгына ылайык дин таануу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өспүрүмдөрдүн диндер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу максатында 2022-2023-окуу жылынан баштап 9-класска "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети киргизилип, аны окутууга жумасына 1 саат бөлүнгөн. "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган жалпы билим берүү программасы жана окуу-методикалык комплекси боюнча окутулуп, аны Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предметинин мугалимдери окутушат. «Математика» предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат. 7-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предмети боюнча сабактарөзүнчө өтүлүп, класстык журналда өзүнчө жазылат. «Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 1-4-класс жумасына 2 саат менен окутулат . 5-класста жумасына 1 саат менен окутулган «Табият таануу» предмети окуучуларды мектептик билим берүүнүн II жана III баскычтарында табигый-илимий дисциплиналарды окууга даярдайт. «Биология» жана «География» предметтерин 6-9-

класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 10-11-класстарга жумасына 1 саат бөлүнөт. «Физика» предметин 7-9-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 10-класска жумасына 3 саат бөлүнгөн. 11-класста «Физика. Астрономия» интеграцияланган предмет катары жумасына 3 саат менен окутулат жана класстык журналда «Физика. Астрономия» деген жалпы аталышы жазылат. «Химия» предметин 8-11-класстарда окутууга жумасына 2 саат бөлүнгөн. «Технология» (эмгекке үйрөтүү, чийме жана дизайн) интеграцияланган предметин 5, 6, 8, 9-класстарда – жумасына 1 сааттар менен, 7-класста – экинчи жарым жылдыкта жумасына 1 саат менен окутулат. «Көркөм өнөр» предмети 1-класстан 7-класска чейин окутулат: 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен, 5,6-класстарда жумасына 1 сааттар менен жана 7-класста – биринчи жарым жылдыгында жумасына 1 саат менен. «Музыка» предметин 1-2-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 3-7-класстарда жумасына 1 сааттан бөлүнгөн. «Музыка» предметин окутууга музыкалык багытындагы адистиги бар мугалимдер тартылат, ал эми адис жок учурда милдеттери башталгыч класстын мугалимине жүктөлөт. «Дене тарбия» предметин 1-11-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан окутулат.Жалпы билим берүү уюмдарында 2022-2023-окуу жылы сабактар 1-сентябрында башталып, 25-майда аяктайт. Окуу жылынын узактыгы каникул убакытын эсепке албаганда: 1-класста – 33 жуманы, 2-8, 10-класстарда – 34 жуманы жана 9, 11-класстарда мамлекеттик сынактарды тапшыруу убакыты менен 36 жума чейин түзөт. Каникулдар убакыты 30 календардык күндү түзөт

**Каникулдардын графиги:** - **Күзгү –** 7 календардык күн: 2022-жылдын 31-октябрынан башталып, 6-ноябрга чейин, сабактар 2022-жылдын 9-ноябрынан башталат.
**Кышкы –** 12 календардык күн: 2022-жылдын 30-декабрынан башталып, 2023-жылдын 10-январына чейин, сабактар 2023-жылдын 11-январынан башталат.

**Жазгы** – 10 календардык күн: 2023-жылдын 20-29-марты, сабактар 2023-жылдын 30-мартынан башталат. Биринчи класстардын окуучулары үчүн каникул күндөрү III чейректе кошумча бир жумага узартылат. Сабактын узактыгы 1-класста – 40 минутаны, 2-11-класстарда – 45 минутаны түзөт. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 58, 59-пункттарына ылайык 1-2-класстарда окуучулардын ийгилигин баалоо белги койбостон сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат. Баалоо белги коюу 3-класстан баштап киргизилет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндөгү» №201 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге (11-бөлүк) ылайык окуу-тарбиялоо процессин уюштурууда төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл: - сабактар 8:00 сааттан эрте башталбайт; - эки сменада иштеген жалпы билим берүүчү мектептерде 1, 5, 9, 11-класстарда жана компенсацияланып окуткан класстарда окутуу биринчи сменада уюштурулушу керек.Үй тапшырманын көлөмү аны аткарууга кеткен убакыттан ашпагандай болушу керек( астраномиялык сааттарда) 2-3 –класстарда-1,5 саат, 4-5-класстарда -2-саат,6-8-класстарда-2,5 саат,9-11-класстарда-3,5 саатка чейин.

**4-маселе Окуу планынын негизинде саатарды бөлүштүрүү**

Базистик окуу планынын негизинде саатарды бөлүштүрүү:

Абдылдаева У орус тил -16 саат

2.Анапияева С даярдоо класс-15саат,к-тил-12саат жалпы-27саат

3.Асакеева Э 2-кл-20саат

4.Асанкадырова А 4-кл-18саат, информатика-6саат жалпы 24саат

5.Дуйсеналы кызы К англист ил-22саат, диндерди онуктуруу тарыхы-1 саат 23 саат

6.Иманалы уулу У дене тарбия-14,АЧД-4,технология-5 жалпы23саат

7.Карымшаков М.-биология-9саат

8.Карымшакова С кыргыз тил.,адабият-27саат

9.Курманжанова Г 1-класс 18саат

10.Мурзакматова Н орус тил -20саат

11.Султанбаева А география,адам жана коом-18саат

12.Сыргаков Кыялбек тарых-17саат

13.Тюменбаев А-физика-12саат

14.Шермакунова М-3-класс 18саат,уйдөн окутуу-5саат

15.Бийназарова Г-химия-6саат

17.Мукашева Н матем-12 саат

18.Суворова Д музыка-33саат,биология-1саат,сурөт-3саат жалпы 7саат,худ.рук

**5-маселе боюнча угулду** Окуу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева А.С

Мектепте уч методикалык бирикме тузулуп,иш алып барышат.

1.№1 Башталгыч класстар методикалык бирикме. Жетекчиси –Асакеева.Э.А

2.№2 Так илимдер методикалык бирикме.Жетекчиси-Иманаалы уулу У

3.№3 Гуманитардык методикалык бирикме.Жетекчиси-Абдылдаева Ү.Т

Класс жетекчилер: 0-класс-Анапияева Самара

1-класс Курманжанова Гулайым

2-класс Асакеева Эльвина

3-класс Шермакунова Майрам

4-класс Асанкадырова Айжаркын

5-класс Абдылдаева Үпөл

6-класс Иманалы уулу Урмат

7-класс Суворова Динара

8-класс Дуйсеналы кызы Касиет

9-класс Сыргаков Кыялбек

10-класс Мурзакматова Назира

11-класс Карымшакова Салтанат

**Төмөндөгү жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилди.**

1.Анапияева Самара-Курманжанова Гулайымга,Асанкадырова Айжаркынга

2.Мурзакматова Назира-Шермакунова Майрамга

**Чыгармачыл топ**

1.Анапияева С-топтун жетекчиси

2.Дуйсеналы кызы К-мучөсу

3.Мурзакматова Н-мучөсу

4.Шермакунова М-мучөсу

5.Курманжанова Г-мучөсу

**Тарификациялык топтун курамы:**

Карымшаков М.Ж.-директор,комиссиянын төрагасы

Мүчөлөрү: Султанбаева А.С-ОББ

Сыргаков К-тарых мугалими

Мурзакматова Н-профсоюз уюмунун төрайымы

Герасимова Л.Г-РБББнун экономисти

**Жумасына 2 саатан өтүлүүчү кружок жетекчилери:**

1.«Манас» кыргыз тили адабияты кружогу-Карымшакова С

2. «Географ»-Султанбаева А

3. «Биология»-Карымшаков М

4. «Современник»-Мурзакматова Н

5. «Мурас»-Сыргаков К

6.Чет тил-Дуйсеналы кызы К

**Кабинет башчылары:**

1.Даярдоо классы-Курманжанова Г,Анапияева С

2.Башталгыч класстын кабинети-Асакеева Э,Суворова Д

3.Биология кабинети-Карымшаков М,Сыргаков К

4.Китепкана-Суворова Д

5.Орус тил кабинети-Асанкадырова А,Абдылдаева Ү

6.Математика кабинети-Дуйсеналы кызы К

7.Архив лаборатория-Иманалы уулу У

8.Информатика-Асанкадырова А

9.Кыргыз тил кабинети-Карымшакова С

10.Усулкана-Султанбанбаева А

11.АЧД спорт плащадка-Иманалы уулу У

12.АЧД кабинети-Мурзакматова Н.О.

**6-маселе боюнча угулду** Окуу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева А.С

2022-2023-окуу жылындагы мектеп компоненти кызыктар тараптардын сунушу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү максатында 5-8-10-класстарда 1 сааттан тарых сабагына берилди.

**7-маселе боюнча мектеп директору төмөндөгүлөргө токтолду:**

**Мектептин миссиясы:** Усуп Мурзакматов атындагы орто мектеп билим берүүчү мекеме катары башталгыч,негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат.Билим берүү тармагындагы мектептен жогорку уюмдар.ата-энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышта иштеп,мугалимдердин билимин,тажрыйбасын пайдаланып жаш муундарды натыйжалуу окутуу менен сапаттуу билим жана тарбия берүү,азыркы коомго керектүү,жашоодо өз ордун таба билген,он тарабынан өнүккөн инсанды тарбиялоо

Мектептин миссиясынын негизинде 5 жылдык узак мөөнөттүү өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштетилип чыгып, педагогикалык кеңешмеде каралып, бекитилген жана төмөнкү максаттарды койгон:

1.Билим берүү процессин мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык камсыздоо.

2.Педагогикалык жамааттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

3.Окуучулардын билим алууга кызыгуусун жана билим сапатын жогорулатуу.

4.Инсандын рухий-адеп-ахлактык өнүгүү жана денетарбиясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенттинин жарлыгын ишке ашырууну камсыз кылуу.

5.Мектепте башталгыч класстардын тамактануусун жакшыртуу.

6.Ата-энелерди жана мыйзамдуу өкулдөрдү мектеп турмушуна тартуу,окуучунун билими жана тарбиясын жакшыртуу максатында биргеликте иш алып барууну камсыздоо

7.Мектепте жана чөйрөдө окуучулардын коопсуздугун камсыздоо

8.Курулуп жаткан мектептин жаңы имаратына кирүү.Класс кабинеттерди талапка ылайык жабдуу.

Жогорудагылардын негизинде ар окуу жылынын башында окутуу жана тарбиялоону жакшыртуунун планы түзүлүп мугалимдерге тааныштырылып педагогикалык кеңешмеде кабыл алынат.Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планынын негизине Окуу бөлүм башчысы,класстан сырткаркы иштердин уюштуруучусу,социалдык педагог ар бир методикалык бирикме,чыгармачыл топ,ийрим жетекчилери,насаатчылар,жаш мугалимдер(өзүн өзү өнүктүрүү) класс жетекчилер,мектептин өзүн-өзү башкаруу “Ынтымак” уюму, китепканачы миссиянын айлансында өз пландарын бекитиришет. Бекитилген пландардын ишке ашуусу боюча чейректер аяктан сайын мониторинг жүргүзүлүп маалымат алынып.кемчиликтерди жою, алгылыктуу тажрыбаларды жайылтуу боюнча сунуш пикирлер берилип турат.

**8. 8-маселе боюнча**. Мурзакматова Н

Мектепте этика коссиясы болуш керек менин сунушумду кабыл алса8-маселе боюнча. Мурзакматова Н

Мектепте этика коссиясы болуш керек менин сунушумду кабыл алсанар төмөндөгү мугалимдерди сунуштайт элем. Карымшакова С,Дуйсеналы к К жана Өзүм болоюн.

-Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**9.маселе боюнча ОББ Султанбаева А. Сөзу:** Мектеп ишин эффектидүү жүргүзүү үчүн биз локалдык актыларды жана жоболорду кабыл алышыбыз керек.метеп жамааты төмөндөкүдөй жоболорду иштеп чыктык.

-Окуу процессин уюштуруу;

-Билим берүүнүн сапатын жана ички мониторинг жүргүзүү;

-Журнал толтуруу;

-Таланттуу жөндөмдүү балдар менен иштөө;

-Усулдук бирикмелердин жобосун;

-Педагогикалык кенештин;

-Баалоо,билим сапатын текшерүү;

-Ички көзөмөл;

-Сабактын план конспектисин жазуу;

-Календарлык-тематикалык план боюнча;

-Предметтик декадаларды өткөрүү боюнча жобо;

-Олимпиаданы Өткөрүү боюнча жобо;

-Олимпиаданын апелляциялык жобосу;

-Жыйынтыкто Мамлекеттик апелляциясынын жобосу;

-Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрүн катто;

-Жаш мугалимдер мектеби;

-Окуу кабинети боюнча жобо;

-Насаатчылык жөнүндө жобо;

-Окуучулардын дептерлеринин сакталышы жана текшерүүнүн тартиби жөнүндө жобо

**-Жоболор бир добуштан кабыл алынды**

## №1 Пед кенешме чечим кылат

1.Пед.кенешменин катчысы болуп Абдылдаева Үпол бекитилсин

2.Өткөн 2021-2022-окуу жылы боюнча берилген маалыматтар кабыл алынсын жана канагаттандыраарлык деп табылсын

3.Базистик окуу планынын негизинде предметтер боюнча саатардын жана сабакка даярдануу боюнча чендер жогоруда бөлүштүрүлгөндөй болуп бекитилсин

4.Сааттар жогоруда бөлүштүрүлгөндөй болуп бекитилсин,жана тарификациядан өткөрүлсүн

5.Метод бирикме башчылары,насаатчылар,класс жетекчилер,чыгармачыл топ,кружок жетекчилери,тарификациялык топтун курамы жогоруда айтылгандай бекитилсин жана сапаттуу иш алып баруу милдеттендирилсин.

6.Мектеп компоненти 5-8-10-класстарга 1 саатан тарых сабагы боюнча берилсин.

7. Мектептин миссиясы жана стратегиялык планы кабыл алынып, иш жүзүнө ашыруу мектеп администрациясына жана мугалимдерге милдеттендирилсин.

8.Этика комиссиясына томөндөгү мугалимдер бекитилсин: Төрайымы: Мурзакматова Н, мүчөлөрү: Карымшакова С, Дуйсеналы к К.

9. Метеп ишин эффективдүү уюштуруу үчүн локалдык актылар жана жоболор кабыл алынсын.

Пед.кенештин төрагасы: М.Ж Карымшаков

Катчысы: Ү.Т.Абдылдаева

Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү

мектебинин педагогикалык кеңешменин

№2 токтому

Шапак айылы

4—ноябрь 2022 –жыл

Баардыгы—19

Катышты—19

Катышпаганы--

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1.** Класс жетекчилердин маалыматтык отчеттору 1- чейрек боюнча жетишүү катышуусу анализ. Ата-энелер менен өтүлгөн чогулуштар протоколдору, класстык сааттар аларга тиешелүү материалдар. Окуучулардын портфолиолорунун абалы,класс кабинеттердин жабдуу ж.б.

**2.** ОББ Султанбаева А. билим сапатынын жыйынтыгы 1-чейрек жалпы маалымат. "Жаны чакырыктар-жаңы бийиктиктер" урааны астында жүргүзүлгөн иштер боюнча, окуу иштери боюнча пландын аткарылышы, тегерек столдор, кичи семинарлар, мектеп олимпиадасы, райондук олимпиадага даярдыктар. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча маселелер.

**3.** Класстан сырткаркы иштер боюнча уюштуруучу Асанкадырова А. маалыматтык отчёт: Түзүлгөн пландын аткарылышы 1-чейрек боюнча, конкурстарга катышуу, кружоктордун жүрүшү, даталуу күндөрдөгү иш чаралар, даңазалуу адамдардын маарекелерине арналаган иш чаралардын аткарылышы. Класстык сааттардын өтүлүшү, мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишинин уюштурулушу, милициянын жаш топтору, кыздар кеңеши, балдар кеңеши.

**4.** Социологпедагогтун маалыматтык отчёту: Окуучулардын социалдык паспорттору, жыл башында түзүлгөн пландын аткарылышы 1-чейрек, миганттын балдары менен жүргүзүлгөн иштер.

**5.** Методикалык бирикме башчыларынын маалыматтык отчёттору: Түзүлгөн пландардын 1-чейректер боюнча аткарылышы. (Башталгыч м.б "Окуу керемет")

6. Аккредитациядан өтүү боюнча өзүн-өзү баалоо комиссиясын түзүү жана алардын иш алып баруусу.

**Чогулуштун жүрүшү:**

**1-маселе боюнча угулду:**

**1.** 1-класстын класс жетекчиси Курманжанова Гулайым: класста бардыгы 21 окуучу 8 эркек бала 13 кыз бала.

1-чейректин билим  сапаты 19% ,жетишүүсү 52% катышы 94%

бардыгы тамга таанып окуй алышат.

**2.** 2-класстын класс жетекчиси Асакеева Элвина: бардыгы 16 окуучу 12 кыз, 4 бала

1-чейректин б\с 33% жетишүү 86%, катышы 97%

**3.** 3-класстын класс жетекчиси Шермакунова Майрам: бардыгы 13окуучу, 7 кыз,

1-чейректе б\с 16%, жетишүү 54%, катышы 98%

**4.** 4-класстын класс жетекчиси Асанкадырова Айжаркын: класста бардыгы 21 окуучу, 11 кыз 10 бала

1-чейректе б\с 19%, жетишүүсү 23%, катышы 96%

**5.** 5-класстын класс жетекчиси Абдылдаева Үпөл:  5-класста бардыгы 21-окуучу 8 бала 13 кыз,

1-чейректе отличниктер 2\2, ударниктер , бир “3” 1\1. Жетишпеген окуучу жок. Көйгөй жараткан окуучу жок.

**6.** 6-класстын класс жетекчиси Иманалы у Урмат: класста бардыгы19, 7 кыз, 12 бала

1-чейректе б\с 5%, жетишүүсү 47%, катышы 94%

**7.** 7-класстын класс жетекчиси Султанбаева Айзада: бардыгы 20 окуучу 10 кыз, 10 бала

1-чейректе б\с 5% жетишүүсү 30% катышы 92%

**8.** 8-класстын класс жетекчиси Дуйсеналы к Касиет: бардыгы 12 окуучу 8кыз 4 бала

1-черекте б\с 8% жетишүүсү 41% катышы 94%

**9.** 9-класстын класс жетекчиси Сыргаков Кыялбек: бардыгы 21 окуучу, 11 кыз, 9 бала

1-чейректе 0%, жетишүүсү 28%, катышы 92%

**10.** 10-класстын класс жетекчиси Мурзакматова Назира: бардыгы 11 окуучу, 5 кыз, 6 бала

1-чейректе б\с 0%, жетишүүсү 72%, катышы 96%

**11.** 11-класстын класс жетекчиси Карымшакова Салтанат: бардыгы 6 окуучу, 3 кыз, 3 бала

1-чейректе б\с 0%, жетишүүсү 50%, катышы 92%

**2-маселе боюнча угулду: ОББ Султанбаева Айзада 1-чейрек боюнча маалымат**

Окуучулардын саны 5ке окуган 4кө окуган 3кө окуган 2ге окуган
билим

окуучунун саны окуучунун саны окуучунун саны окуучунун
саны сапаты

| Класс | саны | жалпы | кыз | жалпы | кыз | жалпы | кыз | жалпы | кыз |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-2 класс | 37/22 | | | | | | | | |
| 3-4 класс<br>41,18 | 34/18 | 6 | 6 | 8 | 5 | 19 | 7 | | |
| 5-9 класс<br>41,94 | 93/51 | 9 | 9 | 30 | 22 | 52 | 20 | | |
| 10-11 класс<br>52 | 17/8 | | | 9 | 7 | 8 | 1 | | |
| 3-11- класс<br>44,66 | 144/77 | 15 | 15 | 48 | 34 | 78 | 28 | | |
| 1-11-класс | 181/99 | | | | | | | | |

**3-маселе боюнча угулду: Класстан сырткаркы иштер боюнча уюштуруучу Асанкадырова Айжаркындын 1-чейректе аткарган иштери:**

Сентябрь айы өткөрүлгөн иш чаралар. 1-сентябрь "Билим күнү", 9-сентябрь "Комуз күнү", 23-сентябрь "Тил күнү"

Октябрь айы:

1. **1-октябрь** каарылар кунунө карата класс жетекчилер тарабынан класстык сааттар өтүлдү.

2. Өзүн-өзү башкаруу уюмунун айлыгы өткөрүлдү.

3. "Ар улуттуу-жаштардын достугу"темасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

4. "Мугалим мөмөлүү дарак" аттуу чакан концерт уюштурулду

5. Президенттин тарабынан "Инсандык руханий адеп-ахлактын өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө карата Иманалы у Урмат агай 7-10-класстар арасында "Спорт ден-соолуктун булагы" ураанынын астында КВН уюштурду.

6. "Манас кыргыз элинин сыймыгы"деген темада Анапияева Самара 5-6-класска КВН өткөрдү

**4-маселе боюнча угулду: Соцпедагог Абдылдаева Үпөлдүн 1-чейрек боюнча отчету:** Окуу жылынын башында соц педагогдун иш аракеттери пландаштырылды. Жылдык

айлык пландар иштелди. Социалдык сурамжылоонун негизинде диагноздоонун негизинде мектептеги тоголок жана жарым жетим ошондой эле көп балабуу үй-бүлөлөр, инвалид балдардын тизмеси жана ички тышкы мигранттардын балдарынын тизмеси такталды. Тобокел тобундагы балдар мектепте жокко эсе. Мектепке келген окуучулар боюнча маалымат такталат. Ал эми ички жана тышкы мигрант ата-энелер тууралуу маалыматтар алынып балдары менен айына ангемелешуу өтулөт. Баардык класстардын мектептин социалдык паспорту түзүлдү. Класс жетекчилер менен бирдикте мектеп окуучулары менен социалдык коргоого муктаж балдар класстан жана мектептен тышкаркы иштерге тартылышты. Мектеп парламенти менен кызматташып иш алып барылды, алардын иш-чараларынын баардыгына катышышты. Жарым  жетим, аз камсыз үй-бүлөлөргө айыл өкмөт  жана мугалимдер андан тышкары арабтар тарабынан жардамдар көрсөтүлүп турат. Айта кетсек айыл өкмөт тарабынан көмүрлөр, арабтар тарабынан азык-түлүктөр, окуу куралдар жана кийим –кече алынып берилген. Мектептин тарбия завучу менен бирдикте ай сайын мектеп окуучуларына кылмыш жаза административдик кодекстери “баланын укугун коргоо конвенциясы” жана өзүн-өзү өлтүрүү фактыларын болтурбоо боюнча түшүнүктөр берилди жана ошондой эле ангемелешүү өтүлдү. Ангемелешүү учурунда ар кандай кумар оюнунан алыс болууну айтып өттүк. Зордук-зомбулук боюнча иш-чаралар, “Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу” деген темада ата-энелер менен бирдикте тегерек стол уюштурулду.

**5-маселе боюнча угулду: Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Асакеева Элвина:**

Башталгыч класстар усулдук бирикмесинде бардыгы 4 мугалим эмгектенишет.

Алар: 1 Курманжанова Гулайым 1-класстын класс жетекчиси.

2. Асакеева Эльвина 2-класстын класс жетекчиси
3. Шермакунова Майрам 3-класстын класс жетекчиси.
4. Асанкадырова Айжаркын 4-класстын класс жетекчиси.

1-4-класстын мугалимдери 2022-2023-окуу жылына мамлекеттик стандарттын негизинде календардык пландарын түзүшүп, бекиттирдик. Кесиптик жардам берүү максатында жаш мугалимдерге курманжанова Гулайымга Анапияева Самара, асакеева Эльвинага Шаршебаева Элнура, Шермакунова Майрамга Мурзакматова Назира, Асанкадырова Айжаркынга Анапияева самара болуп дайындалышты. Насаатчылар жаш мугалим менен иштөөнүн планын иштеп чыгып, аларга жыл бою кесиптик жардам берип жатышты. Ар бир мугалим окуу жылына койгон пландын негизинде ачык сабактарды, тарбиялык сааттарды, ата-энелер чогулуштарын өтүп жаттык. “Окуу керемет” долбоорунун модулдарын онлайн форматында окуп, ар бир молульга тестерди тапшырдык. Ошондой эле долбоордун байкоочулары тарабынан ачык сабактарга байкоолор жүргүзүлдү.

14-сентябрда 3-класска Шермакунова Майрам адабий окуу сабагынан “Кумурска менен жалкоо” деген темада көргөзмөлүү ачык сабак өттү. Сабакта позитивдүүтарбиянын ыкмаларын колдонуп өттү.

24- октябрда 1-класска Курманжанова Гулайым алиппе сабагынан "Созулма Оо тамгасы" деген темада ачык сабак өттү. Сабагында интерактивдүү усулдук ыкмаларын колдонду.

Бардык мугалимдердин өткөн көргөзмөлүү ачык сабактары "жакшы" жана "эң жакшы" деп бааланды. Андан сырткары "Окуу керемет" долбоорунун байкоочусу 3 мугалимдин ачык сабагына байкоо жүргүздү.

**Гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин жетекчиси: Дуйсеналы кызы Касиет:**

2022-2023- окуу жылында гуманитардык багытындагы усулдук бирикмесинде 6 мугалим кирген.жыл башында жаңы окуу жылына карата УБнин максаты, иш планы түзүлдү, бекитилген. План боюнча түзүлгөн ай сайын өтүүлүчү отурумдар өз убагында өтүлдү. Өзгөчө кыргыз тили жана адабият мугалимдери Мамлекеттик кыргыз тил күнүнө каратажарыяланган декадага карата жакшы деңгээлде иш чараларын өткөзүштү. Ар бир класста өз деңгелинээ карата жат жазууларды, дилбаяндар, рефераттар ж.б. Мектеп дубал газеталарды чыарышып, сүрөт көргөзмөлөрдү уюштурушту жана атайын бурчтар да уюштурулду.

Карымшакова Салтанат "Калыгул бай уулу" сахна сабак жана Анапияева Самара "Манас кыргыз элинин сыймыгы" деген темаларда ачык сабак өтүштү. Октябрь айында тарых мугалими "жазуу даректери" жана ноябрь айында Дуйсеналы кызы Касиет "Kyrgyz spo" деген темаларда ачык сабактарын өтүштү.

Таланттуу жана жөндөмдүү окуучулар менен иштөө дагы жөнгө салыган. Алар менен ар бир сабакта жана сабактан тышкары да иштөө жүргүлдү. Мектеп аралык олимпиада өткөрүлүп жеңүүчүлөр аныкталган жана райондук олимпиадага жиберилди. Ар бир предмет боюнча текшерүү иштер, тесттер, жат жазуулар убагында алынды.

Окуучулардын күндөлүктөрү, дептерлери убагында текшерилип турду. Аталган ар бир мугалим бири биринин сабактарына активдүү катышышат.

**Табигый жана так илимдер багыттагы усулдук бирикмесинин жетекчиси: Иманалы уулу Урмат:**

2022-2023-окуу жылында табигый жана так илимдер багыттагы усулдук бирикмесинде жети мугалим эмгектенди. Усулдук бирикменин жетекчиси болуп Иманалы у Урмат дайындалды. Мүчөлөрү: биология мугалими Карымшаков Майрамбек, география мугалими Султанбаева Айзада, химия мугалими Бийназарова Күлүйпа, информатика мугалими Асанкадырова Айжаркын, математика Мугалими Бейшембиева Замира, физика мугалими Тюменбаев Арык. Жаны окуу жылынын башталышында УБнин максаты, иш планы түзүлгөн, бекитилген. План боюнча түзүлгөн ай сайын өтүүлүчү отурумдар өз убагында өтүлдү. Мектеп ичинде жана аймактык олимпиадаларга математика, физика, химия мугалимдери окуучуларын даярдап катышып келишти. Ай сайын усулдук бирикменин отуруму өтүлүп токтом жазылды. Таланттуу жана жөндөмдүү балдар менен иштөө биргеликте иштеп келди.

**6-маселе боюнча мектеп директору Карымшаков М төмөнкүлөргө токтолду:** Быйыл мектеп февраль айында аккредитациядан өтөбүз, анда беш жылдык иш-аракеттерибиздин отчету, документацияларыбыз каралат. Өзүн-өзү баалоо отчеттун

түзүүдө коммисия мүчөлөрү үч ай аралыгында иш алып барат. Коммисиянын төрагасы директор катары мен болом. Калган мүчөлөрүн сунуштаныздар.

Угулду: Окуу бөлүм башчысы Султанбаева А: Карымшаков М директор катары аккредитациялык комиссиянын төрагасы болсо ОББсы катары мен мүчөсү болом жана төмөндөгү кызматкерлерди сунуштайм: Анапияева С, Шаршебаева Э, Суворова Д, Абдылдаева У.

Угулду: Асакеева Э: ушул топ иш алып барса болот, биз макулбуз.

Жогорудагылардын негизинде педагогикалык кенешме төмөнкүдөй чечим кылат:

1. Класс жетекчилер окуучулардын билим сапатын көтөргөнгө аракет кылышсын.
2. ОББнын аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.
3. Уюштуруучу завучтун иштери жандандырылсын, класстык сааттарга көнүл бурулсун.
4. Усулдук бирикмелердин план боюнча коюлган иштери толугу менен аткарылсын.
5. Соцпедагог ата-энеси мигрант балдар менен иштөөсү жакшыртылсын.
6. Аккредитация коммисиясына мүчөлөрү болуп төмөнкү мугалимдер бекитилсин:
   Төрагасы—Карымшаков М.Ж—директор
   ОББ—Султанбаева А.С
   Уюштуруучу—Асанкадырова А.
   Чыгармачыл топ башчысы—Анапияева С.Т.
   Китепканачы—Суворова Д.С.
   Соцпедагог—Абдылдаева У.

**Педагогикалык кенешменин төрагасы:** Карымшаков М.Ж.

**Катчысы:** Абдылдаева Ү.Т.

Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү

мектебинин педагогикалык кеңешменин

№3 токтому

6-январь 2022–жыл Шапак айылы

Бардыгы-19

Катышты-19

Катышпаганы-

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Класс жетекчилердин маалыматтык отчеттору 2- чейрек боюнча жетишүү катышуусу
2. ОББ Султанбаева А. билим сапатынын жыйынтыгы 2-чейрек жалпы маалымат.
3. Класстан сырткаркы иштер боюнча уюштуруучу Асанкадырова А.2-чейрек боюнча аткарылган иштери
4. Китепкана боюнча маалымат Суворова Д. (Китептердин арендасы, жетишпеген китептер, китепканачынын планынын аткарылышы)
5. Чыгармачыл топтун жүргүзгөн иштери.
6. "Окуу керемет" долбоорунун алкагында жүргүзүп жаткан иштер.

**Чогулуштун жүрүшү:**

**1-маселе боюнча угулду:**

**1.** 1-класстын класс жетекчиси Курманжанова Гулайым: класста бардыгы 21 окуучу 8 эркек бала 13 кыз бала.

2-чейректин билим сапаты 14%, жетишүүсү 52% катышы 96 %

бардыгы тамга таанып окуй алышат.

**2.** 2-класстын класс жетекчиси Асакеева Элвина: бардыгы 16 окуучу 12 кыз, 4 бала

2-чейректин б\с 26% жетишүү 86% катышы95%

**3.** 3-класстын класс жетекчиси Шермакунова Майрам: бардыгы 13окуучу, 7 кыз,

2-чейректе б\с 23%, жетишүү 46%, катышы 97%

**4.** 4-класстын класс жетекчиси Асанкадырова Айжаркын: класста бардыгы 21 окуучу, 11 кыз 10 бала

2-чейректе б\с 23%, жетишүүсү 19% катышы98%

5. 5-класстын класс жетекчиси Абдылдаева Үпөл: 5-класста бардыгы 21-окуучу 8 бала 13 кыз,

2-чейректе отличниктер 5\3, ударниктер , бир "3" –жок

6. 6-класстын класс жетекчиси Иманалы у Урмат: класста бардыгы19, 7 кыз, 12 бала

2-чейректе б\с 16%, жетишүүсү 33% катышы 96%

7. 7-класстын класс жетекчиси Султанбаева Айзада: бардыгы 20 окуучу 10 кыз, 10 бала

2-чейректе б\с 15% жетишүүсү 30% катышы 95%

8. 8-класстын класс жетекчиси Дуйсеналы к Касиет: бардыгы 12 окуучу 8кыз 4 бала

2-чейректе б\с 16% жетишүүсү 25% катышы 97%

9. 9-класстын класс жетекчиси Сыргаков Кыялбек: бардыгы 21 окуучу, 11 кыз, 9 бала

2-чейректе 4% жетишүүсү 28% катышы 94%

10. 10-класстын класс жетекчиси Мурзакматова Назира: бардыгы 11 окуучу, 5 кыз, 6 бала

2-чейректе б\с 18%, жетишүүсү 36%, катышы 98%

11. 11-класстын класс жетекчиси Карымшакова Салтанат: бардыгы 6 окуучу, 3 кыз, 3 бала

2-чейректе б\с 0%, жетишүүсү 50% катышы 96%

**2-маселе боюнча ОББ Султанбаева Айзаданын 2-чейрек боюнча маалыматы:**

| Окуучулардын саны | | 5ке окуган окуучунун саны | | 4кө окуган билим окуучунун саны сапаты | | 3кө окуган окуучунун саны | | 2ге окуган окуучунун саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Класс | саны | жалпы | кыз | жалпы | кыз | жалпы | кыз | жалпы | кыз |
| 1-2-класс | 37/22 | | | | | | | | |
| 3-4-класс 41,18 | 34/18 | 6 | 6 | 8 | 5 | 19 | 7 | | |
| 5-9-класс 41,94 | 93/51 | 9 | 9 | 30 | 27 | 47 | 15 | | |
| 10-11-класс 52, 9 | 17/8 | | | 9 | 7 | 8 | 1 | | |
| 1-11-класс 45% | 144/77 | 15 | 15 | 58 | 39 | 71 | 23 | | |

**3-маселе боюнча угулду: класстан сырткаркы иштер боюнча уюштуруучу Асанкадырова Айжаркындын 2-чейрек боюнча маалыматы**

Ноябрь айы:

1. "Тазалык ден-соолуктун негизи" тууралуу тарбиялык сааттар өткөрүлдү, анын ичинде "Таза колдор,таза тиштер" деген темада 3-4-класстар ачык тарбиялык сабак өтүлдү.

Декабрь айы.

1. 1-декабрь СПИД күнүнө карата план түзүлүп бекитилди 7-11-класстар арасында класстык сааттар өтүлдү.
2. 3-декабрь Майыптар күнүнө карата тарбиялык сааттар өткөрүлдү.
3. 12-декабрь Адабият күнүнө карата Карымшакова Салтанат эжей Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын өттү.

Мааракелер ноябрь-октябрь айлары.

Байтик Баатырдын 200-жылдык юбилейи

Ишенаалы Арабаев 140-жылдыгы

Ормон Хандын 230-жылдыгы

Түгөлбай Сыдыкбековдун 110-жылдыгы

Чолпонбай Түлебердиевдин 100-жылдыгына пландар түзүлүп, иш-чаралар өткөрүлдү.

**4-маселе боюнча угулду: чыгармачыл топтун башчысы Анапияева Самара:**

Окуу жылынын башында чыгармачыл топтун 2022-2023-окуу жылында аткара турган иштеринин планы түзүлүп, топтун жетекчиси жана мүчөлөрү бекитилди.

Алар: 1. Анапияева Самара—топтун жетекчиси

2. Дуйсеналы к Касиет—чет тили мугалими
3. Мурзакматова Назира—орус тили мугалими
4. Сыргаков Кыялбек—тарых мугалими
5. Суворова Динара—худ.рук

Сентябрь айында чыгармачыл топтун иш планы түзүлүп, бекитилди. Ошондой эле класс кабинеттерди жабдуу боюнча талкуу болду.

Октябрь айында мугалимдердин жана окуучулардын өздүк папкаларын анализдөө болду. Жаңы кирген жаш мугалимдер өздүк папкаларын толуктап бүтүшсүн, ал эми окуучулардын папкаларына дагы толуктоолор, оңдоолор киргизилсин деген чечим чыгарылды. Октябрь айында Анапияева С, Мурзакматова Н "Таланттуу жана жөндөмдүү балдар менен иштөө" деген темада семинар өтүштү. Семинарда таланттуу жана жөндөмдүү балдар менен кандай иш алып баруу туралуу кеңири маалымат берилди.

Ноябрь айында Дуйсеналы к К "Жаш мугалимдер үчүн интерактивдүү методдор" деген темада семинар өттү. Семинарда сабак өтүүнүн түрдүү жаңыча ыкмалары көрсөтүлдү.

Декабрь айында ар мугалим окуучуларды предметтик олимпиадага даярдашты. Жыйынтыгында математика сабагынан Октябрева Жанетта 4 орунга ээ болду.

**5-маселе боюнча угулду: усулдук бирикме жетекчиси Асакеева Э:**

Окуу керемет долбоорунун максаты 1-4 – класстардын окуучуларынын математика жана окуу сабактары боюнча билим жетишкендиктерин жакшыртууга багытталган. Математика боюнча маселелердин чыгарылышын түшүндүрүү жана негиздөө билгичтиги окуучуларга фактылардын үстүндө ой жүгүртүгө жана синтездегенге, логикалык бүтүмдөрдү жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Математика сабагы боюнча 5 модулдун стратегияларын сабактарыбызда колдонуп жатабыз. Окуучулар "Түшүндүрүү жана негиздөө" стратегиясын колдонуп, математикалык тилде сүйлөп калышты. Байкоочу тарабынан сабактарыбызга байкоо жүргүзүлүп жатат. Адабий окуу сабагы боюнча ОББ тарабынан ачык сабактарга байкоо жүргүзүлүп турат. Ар бир модулга тест тапшырып жатабыз.

**6-маселе боюнча угулду: Суворова Д.**

Мектеп боюнча жалпысынан 185 окуучу мектеп фондундагы китептер менен камсыз болушту.

1-4-класстар боюнча 84.94% китеп менен камсыз болушкан

5-9-класстар боюнча 81.59% китеп менен камсыз болушкан.

10-11-класстар боюнча 99% китеп камсыз болушкан

Анын ичинен аренда төлөгөн окуучулардын саны 93-окуучу. Жалпы арендага берилген китептердин саны 379 китеп. Андан аренда толук төлөгөнү 334-китеп, төлөнбөгөнү 5-китеп, 40-китеп женилдетүү менен берилген. Бардыгы 8850 сом төгүлгөн. 2022-2023-окуу жылына карата китепкана фонду жалпысынан методика жана окуу китептери менен 22 китепке толукталды. Мектептин китепканасында жалпы фонду 4750 китеп. Жалпы окуу китептирдин саны 2557 китеп.

**Жогорудагылардын негизинде педагогикалык кенешме төмөнкүдөй чечим кылат:**

1. Окуучулардын билим сапаты канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Окуучулардын билим сапатын жакшыртууга көнүл бөлүнсүн.
3. Район тарабынан берилген тапшырмалар менен иш алып баруу күчөтүлсүн.
4. Окуучулардын портфолиосуна көнүл бурулсун.
5. Окуу керемет боюнча иш алып баруу күчөтүлсүн
6. Китепканачынын иши канааттандырарлык деп табылсын

Педагогикалык кенешменин төрагасы: Карымшаков М.Ж.

Катчысы: Абдылдаева У.Т.